DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Кийизбаева Ч.К.*

# ФЕЛЬЕТОН: ПАЙДА БОЛУУ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ

*Кийизбаева Ч.К.*

# ФЕЛЬЕТОН: ИСТОРИЯ ВОЗНИКНОВЕНИЯ И РАЗВИТИЯ

*Ch. Kiyizbaeva*

# FEUILLETON: EMERGENCE AND DEVELOPMENT HISTORY

*УДК: 82-312.5:82-7*

*Бул макалада фельетон жанрынын келип чыгуу тарыхы, анын өнүгүшүнө кошкон кыргыз акын-жазуучуларынын салымы, бул жанрдын кыргыз окумуштуу-илимпоздору тарабынан изилдениши жөнүндө сөз болот. Макаланы жазууда А. Токомбаев, А. Убукеев, М. Алыбаев, К. Каимов өңдүү акын-жазуучуларынын фельетон жанрында жазган алгачкы эмгектери тууралуу айтылып, алар аркылуу жанрдын табиятын, талаптарын ачып берүүгө аракеттер жасалды. Ал үчүн Кыргыз эл акыны, публицист А. Токомбаевдин «Кудайкулдун кудурети» жана Сыдык Карачевдин "Кара чаар менен болдомочун иттик кылды" аттуу жанытмасы тереңден талдоого алынды. Өткөн кылымдын 20-30-жылдарындагы коомдо, эл арасында болуп жаткан жат көрүнүштөрдү ашкерелөөдө «Кызыл Кыргызстан» менен «Ленинчил жаштын» сатиралык «Чалкан», «Шибеге» деген адабий бурчтарынын аткарган милдети, көтөргөн жүгү тууралуу да сөз болду.*

***Негизги сөздөр:*** *фельетон, жанытма, макала, акын-жазуучулар, жанр, сатира, көркөм-публицистикалык жанр, ыр, проза, кара сөз.*

*В данной статье рассказывается об истории жанра фельетона, о вкладе кыргызских поэтов и писателей в его развитие, изучении этого жанра кыргызскими учеными. В написании статьи обсуждались первые произведения в жанре фельетона, написанные такими поэтами-писателями, как А. Токомбаев, А. Убукеев, М. Алыбаев, К. Каимов, и через их произведения делались попытки раскрыть характер и требования жанра. Для этого были глубоко проанализированы произведения кыргызского народного поэта, публициста А.Токомбаева «Кудайкулдун кудурети» и Сыдыка Карачева "Кара чаар менен болдомочун иттик кылды". Также речь шла о роли и бремени сатирических литературных уголков «Чалкан» и «Шибеге» в «Кызыл Кыргызстане» и «Ленинчил жаш», в разоблачении странных явлений, происходящих в обществе 20-30-х гг. Прошлого века.*

***Ключевые слова:*** *фельетон, статья, поэты-писатели, жанр, сатира, художественно-публицистический жанр, поэма, проза.*

*This article talks about the history of the feuilleton genre, the contribution of Kyrgyz poets and writers to its development, and the study of this genre by Kyrgyz scientists. In writing the article the first works written by poet-writers like M.Tokombaev, A. Ubukeev, M.Alybaev, K. Kaimov in the feuilleton genre were discussed, and through them, efforts were made to reveal the nature and requirements of the genre. Kyrgyz national poet, publicist A.Tokombaev's "Kudaykuldyn kydyreti" and Sydyk Karachev's "Kara chaar menen boldomochun ittik kyldy" were analyzed in depth. There was also talk about the role of the satirical literary corners of "Kyzyl Kyrgyzstan" and "Leninchil Jash" "Chalkan" and "Shibege" in exposing the strange phenomena happening in the society and people of the 20-30s of the last century.*

***Key words:*** *feuilleton, novel, article, poet-writers, genre, satire, artistic-publicistic genre, poem, prose, black speech.*

Совет элинин коммунисттик коомду куруу үчүн жасаган баатырдык иштеринде эмгекчил элдин аткарган ишин даңазалоо, ошол учурда өнүгүүгө бут тоскон түрдүү кемчиликтерди таап чыгууда жана андан арылууда көркөм адабияттын ролу өтө чоң болгон. Убагында эски көнүмүш турмушунан кол үзө албагандар, колхоздоштурууда мал-мүлкүнөн, бийлигинен ажырагысы келбеген бай-манаптар менен күрөш жүргүзүүдө фельетон жанры дагы башка жанрлардай эле чоң милдетти аткарган. Бул кыргыз адабиятында XX кылымдын башында улуттук басма сөздүн жаралышы менен пайда болгон жана аны менен кошо өнүккөн жанр. Алгач А. Токомбаев, А. Убукеев, М. Алыбаев, К. Каимов өңдүү акын-жазуучулар бул жанрда жазып, ар кандай терс көрүнүштөрдүн бетин ачууга чоң салым кошушкан. Негизи фельетон – мезгилдүү басма сөз үчүн жазылган коомдук турмуштагы конкреттүү окуяларды же адамдарды сынга алган сатиралык мүнөздөгү көркөм-публицистикалык жанр болуп эсептелет. Фельетончу документалдуулукка таянуу менен, өз баяндоосунун максатына ылайык, айрым апыртууларды, какшыктарды колдонот, көркөмдөйт. Фельетондор ыр, проза, айрым учурда диалогдук драма формасында да болот [1]. Бирок алгачкы жылдары фельетон жөнүндө түшүнүк болбогондуктан, жанрдын талаптарына толук жооп бере турган чыгармалар жазылган эмес. Ошол кездеги абалды А. Убукеев "Фельетон жөнүндө бир эки ооз сөз" аттуу макаласында: "...кыргыз тилинде газета, журналдар чыга баштаганда анын журналист, сатирик, фельетонисттери жок эле. Сатира, фельетон жазуу мындай турсун, дүйнөдө ошондой немелер бар экендигин билген сабаттуу адамдардын саны да жоктун катарында болчу" [2] деп эскерет. Ал эми Салижан Жигитов "20-жылдардагы кыргыз адабияты" аттуу эмгегинде "Ырас алардын жазгандары азыркы маанидеги публицистикалык макала же фельетон, очерк же аңгеме шекилинде чыккан эмес, туруктуу бир жанрдык рамкага түшүп жаралган эмес. Ал чыгармалардын басымдуу бөлүгү өзгөчө бир формадагы беллетристикалык касиет алган кадимки эле газеталык информация, конкреттүү иллюстрацияланган (адабиятташтырылып туюнтулган) актуалдуу саясий идеялар жана ураандар сыяктуу жазылган. Ошондой адабий-газеталык мүнөзү бар материалдарга жаш кыргыз калемгерлери өз убагында "жанытма" деген жанрдык атама

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



беришкен", - деп жазат [5, 48-49-бб.]. С.Жигитов мындай маанайдагы чыгармалар "Эркин-Тоо" ("Кызыл Кыргызстан") менен "Ленинчил жаш" газеталарында 1920-жылдардын экинчи жарымында ого эле көп жарыяланганын айтып, бир катарын санап да берген. Мисалы: "Кызыл Кыргызстандын" 1927-жылкы майдын ортосунан августтун ортосуна чейинки мезгилдеги сандарында "Таң атты, байкем келип калар деп таттуу уйкуга кирди" (автору - Абыш), "Кубантайдын дем алышы" (Шибер), "Жетим кыздын калыңы алты жүз сом" (Ч.Байсал уулу), "Көз жашы төгүлүп" (Малик уулу), "Кезит окубаганды уялтып батага келтиребиз" (Абыш), "Ажардын окуусу менен ою" (Айкын), "Жайкы дем алыш" (Кунт), "Сүйүнгөн бойдон жөнөдү", "Кызыл каармандар сабында" (К.Малик уулу), "Айласы кеткен алда айтат" (Ч.Байсал уулу) дегендер.

«Жанытма» деген сөз түбүндө жандатып, кыйытып, каңкуулап, тамсилдентип айтылган сөз деген маанини туюнтат [3, 188-б.]. Адабиятта «жанытма» деген сөздү «фельетон» терминининин эскирген синоними деп аташат. Минтип аталып калышынын себебин Салижан Жигитов төмөндөгүдөй белгилейт: "Деги 20-жылдардын акыры 30-жылдардын башында жазылган жанытмаларда эски идеологияга, салт-санааларга, жорук-жосундарга каршы мотивдер үстөмдүк кылып, фельетондук белгилер жышыраак орун алган экен. Балким, ошондон улам "жанытма" түшүнүгү бара-бара "фельетон" терминининин маанисин алып кеткендир?", - дейт [5].

Алгачкы жазылган жанытмалар акырындап отуруп өзүнүн аталышына толук жооп бере турган деңгээлге жеткен десек болот. Азыр биз фельетонду көркөм-публицистикалык чыгармалардын өзүнчө бир тобу катары кабылдап, реалдуу фактылык негизи, сынчыл пафосу, сатиралык багыты, пародиялуу-какшыктуу стили бар, чакан газета-журналдык материал деп түшүнүп жүрөбүз. Кээ бир учурда гана турмуштук фактылар анонимдүү мүнөздөлүп, каармандарга шарттуу түрдө ысым берилип калбаса, негизинен түпкүрүндө фельетондордо коомго зыян алып келип жаткан терс көрүнүштөр так, ачык берилип, каармандардын аттары өзгөрүлбөөгө тийиш. Мисалы, Сыдык Карачев "Кара чаар менен болдомочун иттик кылды" аттуу жанытмасында өзүнүн каармандарына шарттуу ысым берген. Бул чыгарма "Б" болушуна төрага шайлоо тууралуу. Анда болуштуктун аты "Б" деп эле аталат да, болуштукка өзүнүн уулун шайлагысы келген аксакал каарманды Жаркымбай деп атайт. Автор бул чыгармасы аркылуу кыргыз коомчулугунда дагы деле өзүнүн керт башын ойлогон, бийлигин башкаларга бергиси келбеген бай-манаптардын бар экендигин бергиси келген.

Алгачкы жанытмалардын дагы бир өзгөчөлүгү терс көрүнүштөрдү шылдыңдап, ашкерелөө эмес, элге жаңы келип жаткан жаңы турмуштун жакшы көрүнүштөрүн өрнөк катары алып чыкканында болгон. Мисалы, эрезеге жетип калган жигиттерди аскерге барууга үндөө максатында жазылган "Кызыл каармандар сабында" деген жанытма. Мында аскерге чакырылган жаш уландын кантип машыгып, кандайча тарбияланып, аскер турмушуна кантип көнүп жатканы боюнча жазылат.

«Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору» [4, 16-б.] аттуу эмгегинде Б. Кебекова дагы ушундай эле ойду айтып, 20-жылдары кыргыз газеталарында «жанытма» деп жарык көргөн материалдардын көбүндө ашкерелөөчү пафос, сатиралык дух, шылдыңкор стиль жокко эсе, алар мазмун-формасы боюнча азыркы фельетондорго дегеле окшошуп да, коошуп да койбойт деп белгилейт.

Ушундай эле ойду С. Жигитов да толуктап, бирок алардын арасынан А.Токомбаевдин "Тууган тууганбы", М.Токобаевдин «Жолоочу арыз, жоболоңдуу пүрөкүрөр», С.Карачевдин «Бөдөнөнүн бөйрөгүнөн, торгойдун толорсугунан» деген сыяктуу бир катар жанытмалар фельетондук касиеттери толук сакталган чыгармалардын катарында экенин айткан [5, 50-б.].

Улам убакыт өткөн сайын акын-жазуучулардын калеми курчуп, жанрдын табиятын тереңден түшүнүп, чыгармаларынын окуяларын реалдуу турмуштун практикасы түзүп, окуялар да, каармандарынын аттары да эч өзгөртүлбөй берилген. Ошол кездеги коомдо, эл арасында болуп жаткан жат көрүнүштөрдү ашкерелөөдө «Кызыл Кыргызстан» менен «Ленинчил жаштын» сатиралык «Чалкан», «Шибеге» деген адабий бурчтарында жарык көргөн жанытмалар чоң жардамга келген. Ал фельетондор көп учурда бай-манаптардын, улутчулдардын бетин ачууга, алардын адаттан тыш жоруктарын ашкерелөөгө багытталган. Коомдогу мындай жат көрүнүштөрдүн бетин ачуу – ошол кездеги ар бир калемгердин чыгармачылыгындагы негизги багыттардын бири болгон. Мисалы, Аалы Токомбаевдин чыгармаларына сереп салып көрөлүк. Анын "Кызыл Кыргызстандын" 1933-жылдын 26, 30-декабрында чыккан «Калпакбай», ушул эле гезиттин 1933-жылы 26-августта чыккан «Кудайкулдун кудурети» аттуу фельетондору колхоздоштуруу учурунда активисттердин арасына байкатпай кирип кеткен бай-манаптардын, жегичтердин, бузукулардын бетин ачууда чоң жардамга келген. Ал бул чыгармалары менен алардын кылык-жоруктарын ашкерелеп, шылдыңга алып, аларды колхоз активдеринин арасынан таап, кууп чыкканга жол ачып берген.

Фельетондун түпкү тамыры жана андагы сүрөттөлгөн каарман өзүнүн алгачкы прототибине ээ болууга тийиш. Автор ал прототипти жалпылаштырууга аракеттенип, колхоз турмушунда жолтоо болгон атка минерлердин тибин сүрөттөйт [6, 144-б.]. Жанрдын ушундай талаптарына толугу менен жооп бере турган фельетондордун катарына А. Токомбаевдин дал ушул

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



«Кудайкулдун кудурети» аттуу чыгармасын кошсок болот. Бул фельетондун каарманынын реалдуу прототиби бар. Ал - ошол кездеги эл бузар, чагымчыл Кудайкулдун уулу. Кудайкулуп кедей дыйкандардан алкыш алуунун ордуна бай, манап, паракор урууучул бузуктардан мактоо алган киши. Ошол бузукулугунун натыйжасында саясий жоопко тартылып, түзөлчү жайларына айдалган. Жазасын тартып кайра элине кайтып келген Кудайкул уулунун оңолуунун ордуна тескерисинче, өкмөт саясатына каршы тикенектүү үгүтүн жүргүзүп, эски кудуретине ээ болууну көксөп жүрөт [6, 145-б.].

Х. Бапаев "Кыргыз сатирасынын табияты" [7, 144-б.] аттуу эмгегинде ошол кездеги жанытма, фельетондордогу каармандардын сатиралык мүнөзүн түзүп мыскылдоонун ордуна аларга жаза беришти коомдук уюмдардын, мекемелердин башчыларына тапшырышкандарын авторлордун бир кемчилиги катары көрөт. Мындай мүчүлүштүккө А. Токомбаевдин чыгармаларында дагы жол берилген. Ал жогоруда сөз болгон "Кудайкулдун кудурети" аттуу фельетонунда Кыргыз Республикасынын прокурорлоруна Кукеңдин кылмыштарынын бетин ачып, тез арада анын жолдоштору менен жоопко тартуу чарасын көрүү керектигин тапшырат. Бирок калемгердин бул кемчилигин анын чыгарманын акырында Кудайкуловду ээрчигендер дагы жоопко тартылып калышы мүмкүн экендигин эскертип, элди мындай эл бузардан алыс болууга чакырганы басып кетет. Анткени көпчүлүк алдында жүзүн каралап алган кишини тарбиялоо же чара көрүү үчүн эл атынан, партиянын атынан анын жолдош-досторуна, тууган-туушкандарына, комсомол, профсоюз уюмдарына да эскертүү бергени фельетондун дагы бир өзгөчөлүгү болуп саналат [6, 146-б.].

Фельетон макалада баяндоо эмес, объект кылып алган илдеттерди, кемчиликтерди каароолго алат. Андагы кайсы бир каармандары автордун оюн же башкы кейипкердин кылмышын ашкерелөөчү эпизоддук образ катары катышат [7, 78-б.]. Кыргыз акын-жазуучулардын фельетондору дал ушундай турмуштук чоң проблемалар менен бирге коомдук мааниси бар маселелерди, фактыларды эл алдына көтөрүп чыгып, талкууга коет, алардын жасаган ишине жараша жооп берүүсүн талап кылат. Алар бул куралды өзгөчө бай-манаптар менен болгон күрөштө колдонуп, айылдарды отурукташтырууда бут тозгон байлардын, динчилдердин иштерин алып чыгып, эл алдына салып берип турушкан.

Жогоруда фельетон ыр түрүндө да жазылат дедик. М. Токобаевдин "Молдо", Ж. Жамгырчиевдин "Молдонун каш-кирпигин жулалы", "Орозо эски адат", М. Элебаевдин "Сопулар", А. Токомбаевдин "Ыйман кармалды", "Жарамазан" деген ырларын да ушул катарга кошсок болот. Бул ырлар эскини колдогон, ашынган динчилдерге каршы жазылган. Аларда мындай зарылчылык колхоздоштуруу жүрүп жаткан учурунда аялдардын теңчилигине каршы чыккан байлар жана молдолордун элдин башын айлантуу үчүн жасаган аракеттерине каршы чыгууда келип чыккан.

Бул макалада жанытманын табияты, тематикалык диапазону тууралуу азыноолак сөз кылдык. Эмки кезекти анын жанрдык контурларына бурсак. Алгачкы жанытма деген рубриканын астында жарыяланган фельетондордо адабиятташтырылып жазылган жөнөкөй маалымат, конкреттүү турмушту элестүү баяндап берген сүрөттөмө, айрым бир коомдук-саясий окуяларды, документтерди, ураан-чакырыктарды чечмелеген комментарий сыяктуулар, очеркке өтө жакындашкандар жана кадимки эле аңгеменин деңгээлинде жазылгандар болгон. Ошол эле учурда ага окшобой калгандары да жолугат. Ошондуктан көп адабиятчылар аларды аңгемеге кошуп кароо туура болот деп эсептешкен. Мисалы, Х. Бапаевдин "Кыргыз сатирасы" аттуу эмгегинде Кубанычбек Маликовдун 1928-жылы "Ленинчил жашка" чыккан "Ырлар жана аңгемелер тууралуу" деген сын макаласында "Чынында биздин жанытма деп жүргөнүбүз аңгеме болуу керек" деген пикирин белгилеп, аны бир катар мисалдар менен далилдеп берүүгө аракет кылган.

Фельетон жанры мына ушундай узак жана татаал жолду басып өткөн. Жогоруда биз кыргыз адабиятында фельетондун жанр катары пайда болуп, башка жанрлар менен катарлаш калыптанып, өсүп-өнүгүшү тууралуу гана сөз кылдык. Тилекке каршы, азыр замандын өзгөрүшү менен кыргыз адабиятында да, журналистикасында да бул жоголуп бара жаткан жанрлардын катарын толуктайт. Азыркы чыгып жаткан гезит-журналдардан мындай багытта жазылган эмгектерди да, жазган калемгерлерди да табуу өтө кыйын. Андыктан бул жанр өткөн кылымда шартка, талапка жараша өзүнүн милдетин толук аткарган деп айтууга болот. Жыйынтыктап айтканда, алгачкы кыргыз-акын жазуучулардын чыгармачылыгы социалистик реализм өкүм сүрүп турган доордо өнүгүп-өскөндүктөн, алардын бардыгы калеми менен эмгекчил элдин кызыкчылыгын коргоп, сабатсыздыгы эми жоюлуп келе жаткан элди билим алууга, мекенчилдикке, биримдикке, эмгекке үндөп, журт арасындагы эл бузарларды сууруп чыгып, жазалоо эмес, ириде алардын аң сезимине таасир берип, туура жолго салууга аракет кылышкан. Алар бул ишке жан дили менен берилип иштеген жана аны Мекен, эл алдындагы чоң милдетибиз деп эсептешкен. Тилекке каршы, «Эркин Тоо» («Кызыл Кыргызстан») жана «Ленинчил жаш»

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



газеталарынын алгачкы беш жылдагы сандары толук сакталбай калгандыктан, акын-жазуучулардын көптөгөн эмгектери менен жакындан тааныша алган жокпуз. Дагы бир маселе, жазуубуз 1928-жылга чейин араб тилинде болгондуктан жана биз карай турган чыгармаларды которууга мүмкүн болбогондуктан гезит-журналдарга жарыяланган маалыматтар тереңден талдоого алынган жок. Андыктан эскерте кетүүчү жагдай, бул макалада фельетон жанрынын келип чыгыш тарыхы, анын өнүгүшүнө салымын кошкон алгачкы карлыгачтар жөнүндө гана сөз болду. Бул теманы толук кандуу ачып бердик дегенден алыспыз, анткени өзүбүз изилдеген учурдун маданий кубулуштарына, өсүш жолуна, адабий өнүгүшүнө тиешелүү материалдардын саны аз. Бирок ар кайсы гезит-журналдарда, китептерде, илимий булактардан маалымат алууга аракеттер жасалды. Ошондон улам бул темада өзүнчө бир илимий иш жазылууга тийиш деген жыйынтыкка келебиз жана бул келечекте аткарыла турган иш экенин белгилейбиз.

**Адабияттар:**


1. Википедия – свободная энциклопедия // [Электронный ресурс]: https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%A4%D0%_B5%D0%BB%D1%8C%D0%B5%D1%82%D0%BE%D0%BD
2. Убукеев А. Фельетон жөнүндө бир эки ооз сөз. // Ленин жолу. – 1959. – 27 май.
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү: в 2-х т. / ред. Э.Э. Абдуллаев, Д. Исаев. - Фрунзе: Мектеп, 1969. - Т.1. А-Куро. - 623 б.
4. Кебекова Б. Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору (1924-1960). – Фрунзе: Илим, 1966. – 145 б.
5. Жигитов, С. 20-жылдардагы кыргыз адабияты. – Фрунзе: Илим, 1984. – 158 б.
6. Кийизбаева Ч. “Аалы Токомбаевдин публицистикасы”: филол. ил. к. ... дисс.: 10.01.01/Ч.Кийизбаева. - Б., 2022. - 180б.
7. Бапаев, Х. Кыргыз сатирасынын табияты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1971. – 144 б.
8. Кийизбаева Ч.К. Мысли А.Токомбаева про своих современников, поэтов, писателей, про деятелей искусства. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 6. С. 195-197.